Жетинчи жалпылыгы - Э.Хемингуэйдин согуш жөнүндө жазылган чыгармаларынын бири «Кош бол, курал!» аттуу чыгармасында согуш учурунда душмандан гана эмес, өз кишилердин колунан жабыр тарткан учурлар дагы кездешет. Мисалга алсак, сержанттар ээсиз калган үйлөрдү талап-тоносо, ошол эле убакта Генри менен айдоочуларды башына иш түшкөн кыйынчылык убакта таштап качып бара жаткан убакта сержанттарга карай Генри ок чыгарат. Бирок, бул сержанттардын жаман адам үчүн ошол ишке баргандыгы эмес деп түшүнүшүбүз керек. Алар душмандардын колуна туткунга түшүп калбашы үчүн кылган аракеттери деп түшүнүшүбүз керек. Көп өтпөй ошол эле каарман Генри өзү душмандардан, согуштун ааламатынан качып, дезертирге айланат. Демек, бул эпизоддордон катардагы солдат же сержант болсун, офицерлер болсун өздөрүнүн жаатташтарынан эле жабыр тартып, запкы жеп калышы мүмкүн деген идеяны көрөбүз. Э.Хемингуэйдин коомдун абалын, каармандардын ортосундагы таптык бөлүнүштүн, душмандарга каршы согушуп жаткан катардагы бийликтин төбөлдөрүнүн буйругу менен душмандар менен салгылашып жаткан катардагы жоокерлердин ортосундагы мамилени да кылдат сүрөттөп бериши - бул жазуучунун дагы бир чеберчилиги деп түшүнсөк болот.

Ал эми У.Абдукаимовдун «Майдан» романында тескеринче Качике жанында жүргөн солдаттардан же душмандардан жабыр тартпастан, өзүнүн өмүрлүк жарынан запкы тартат. Заардуу өмүрлүк жарынын жанында, кароосунда калган кызынын тагдырын ойлоп түйшөлүп, жан-дүйнөсү жабырланып, ар бир катты алып, андагы жазылгандарды окуган сайын маанайы чөгүп кайгыга батат. Алыс жакта кан күйгөн майданда жүргөндөргө үйүнөн, жакындарынан келген кат жакшы маанай тартууласа, Качике андай бакытка ээ эмес болот.

Кийинки жалпылыгы - жамгыр темасы. У.Абдукаимовдун дагы Эрнест Хемингуэйдин дагы каармандарынын ички дүйнөсүнүн жабыркап, өзүн коерго жер таппай турган абалында сөзсүз аба-ырайынын бузулуп, жамгыр жаап, бороон-чапкын болуп табият дагы аны менен кошо кайгырып аткандай сүрөттөлүп жүрүп отурат. Эрнест Хемингуэйдин «Кош бол, курал!» романындагы Кэтрин Генриге жамгырдан коркоору жөнүндө, эмнегедир ал кээде өзүн жамгыр жаап атканда дүйнө менен кош айтышаардай сезерин айтат. Чыгарманын акырында Кэтрин өзү айткандай жамгыр нөшөрлөп жаап жаткан учурда дүйнөдөн кайтат.

Алсак, Узакбай Абдукаимовдун алгачкы чыгармаларынын бири «Таң аткanda» аңгемесинде дагы башкы каарман Зуура өзү менен өзү сүйлөшүп, турмуштун кыйынчылыгына чыдай албай, бардыгына нааразы болуп, жанын коерго жер таппай турган убагында табият дагы аны менен кошо буркан-шаркан түшүп, ызылдаган ызгаар, уулуган бороон коштогон шамал айлананы курчайт. Ал эми жаңы замандын символу болгон «орок» менен «балка» көрүнгөн убакта айланада жымжырттык өкүм сүрүп, табият кулпуруп өңүнө чыгып, Зуурага келген бакытты кубаттагандай болуп, анын кубанычын тең бөлүшкөндөй болот.

Жыйынтыктап айтканда, Узакбай Абдукаимов менен Эрнест Хемингуэйдин чыгармачылыгындагы бул жалпылыктар бул эки жазуучунун чыгармачылыгын изилдөөдөгү алгачкы жалпылыктар го деп эсептейм. Анткени, келечекте бул эки жазуучунун чыгармачылыгына кызыккан адабиятчылар мындан башка дагы мен көрө албаган жалпылыктарды таап чыгат го деген ишенимдемин.

***Адабияттар***


1. Абдукаимов У. Майдан. - Ф.,1980.
2. Абдурашитов Б. «Майдан»-факультативдик сабакта // Муг.газ. - 1985. - №98.
3. Анастасьев Н. Творчество Эрнеста Хемингуэя.-М.: Просвещение,1981.
4. Гиленсон Б.А. Эрнест Хемингуэй.-М.: Просвещение. - 1991.
5. Даутов К. Создатель романа нового типа // Сов.Кирг. - 1989. - №242.
6. Лайлиева И.Ж.Традиции русской классической и мировой литературы в киргизской прозе. - Ф.: Илим. - 1988.
7. Хемингуэй Э. Собр.соч. в 4-х томах. -М.: Худож.лит. - 1981.
8. Хотчнер А.Е. Папа Хемингуэй. - М., 1991.



***Садыкбек кызы Жайнагул,***
*И.Арабаев атын. КМУ*


# ТАШЫМ БАЙЖИЕВДИН 30-ЖЫЛДАРДАГЫ АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ТЕМАТИКАСЫ, ИДЕЯСЫ, КӨРКӨМДҮК КАСИЕТТЕРИ

Ташым Байжиевдин адабий чыгармачылыкка жаш кезинде кандайча кызыгып калган деген суроо туулат. Адегенде ушул суроого жооп издөө ылайык.

Ташымдын балалыгы өткөн алыскы көл башындагы Тепке айылына «Абышак, Соодонбек, Манаке, Чоң Курман, Садыраке, Кыдыраке, Осмонбек, Кашымбек, Байгазы, Тилекмат, Чыныбай сыяктуу ошо кездин атактуу сөзмөр, ырчы, комузчу, жайчы инсандары көп каттап турушкан» (Э. Турсунов, Д. Жалгасынова. Триумф жана трагедия. - Бишкек, Бийиктик, 2011, 360-бет). Ташымдын чоң атасы Байжы айылда бий болгон. Ал кадырлуу адам болгондуктан бул белгилүү адамдар анын үйүндө да көп болушуп, далай-далай аңгеме – дүкөн курушкан, ыр ырдап, комуз чертип, санжыраларды айтышкан. Чоң атасы Байжынын тизесине отуруп, ушундай чечен, өнөрлүү түркүн инсандардын көптерин, ырын тыңшоо зээндүү кичинекей Ташымдын көркөм сөзгө болгон алгачкы татымын, кызыгуусун ойготкон дешке негиз бар.

Дагы бир жагдайды эске албай коюуга болбойт.

«Тепке, көл кылаасындагы төңкөрүштөн мурда биринчи отурукташкан кыргыз айылы, жери кара топурактуу келип, эли кош айдап, дан менен жан баккандыктан, келгин орустардын Михаиловка (Сары-Көл), Николаевка (Уч), Орлиновка (Каранар), Сухой-Хребет (Кургак-Көңдөй) хуторлорундагы орус мужиктери менен алыш-бериш кылып турушкан. Ал кезде соко, молоташ, тырмооч, айры, күрөк, кетмен, шилия, каамыт сыяктуу аспап-шаймандар орустардан (жүн, тери, аркан, бодо жандыктарга) башма-баш айырбашталчу. Ошентип, ТОЗ (товарищеская обработка земли) түзүлгөн» (Ошондо, 361 бет.). Тепке ушундай алдынкы айыл болгондуктан анда революциядан кийин көл өрөөнүндө биринчилерден болуп башталгыч мектеп ачылган. Ташым Байжиев Тепкедеги ушул тунгуч мектептен билим алган. Ушул Тепкедеги мектепте кыргыз тарыхында биринчи жолу окуучулардын күчү менен «Бүкүлбай» аттуу бир көшөгөлүү пьеса ойнолгон. «Бүкүлбай» пьесасында келечектеги атактуу жазуучу Касымаалы Жантөшевдин роль аткаргандыгы театр тарыхынан белгилүү. Ал эми Ташым Байжиев болсо К. Жантөшев окуган мектептен окуп, кийин ошол айылдашы Касымаалынын үгүтү менен аны ээрчип, Фрунзеге окууга келген. Айталы дегенибиз, Тепке айлындагы мектепте окуган Ташым «Бүкүлбай» пьесасынын ойнолушун жана анда роль аткарган Касымаалынын өнөрүн көрбөй койгон эмес. А түгүл, өзү да ал пьесада роль аткарган болушу мүмкүн. Мындан улам Ташымдын адабиятка болгон тунгуч кызыгуусунун ойгонушунда «Бүкүлбай» пьесасынын үлүшү бар деп айтууну оң көрөбүз.

Кийинчирээк, Бишкектеги Кыргыз агартуу институтунда окуп жүргөндө Ташым Байжиевдин көркөм сөз өнөрүнө болгон кызыгуусу ошол өзү окуган окуу жайдагы «Кызыл учкун» адабий кружогуна активдүү катышуудан улам күч алганы шексиз.

Т.Байжиевдин «Суу боюнда» аттуу аңгемесин талдап көрөлү. Аңгеме чакан, эки жарым гана бет. Бирок 20-жылдардагы жана 30-жылдардын баш жактарындагы аңгемелерге мүнөздүү декларативдүүлүк, жылаңач чакырык, ураан бул аңгемеде көп байкалбайт. Окурман кадимки көркөм чыгарманы окуп жаткандай болот. Чыгарма «Таң атып калган учур. Эки чака колунда, жайа салган килемдей көк шиберди эшилте басып Күлүш сууга келди. Кеч курунду тактай тилгендердин араасынын үнүнө окшотуп, шар аккан чоң суу мөңкүп жатты. Күлүш таңдын соңку салкын желине төшүн тозду» деген көркөм жана образдуу сүйлөмдөр менен башталат. Бул жерде Күлүш эки чаканы колуна алып, таң атпай сууга келди, буга кандай зарылдык болду экен? – деген суроо туулбай койбойт. Бул соболго жооп издегиче болбой, жакын эле жерден бирөөнүн:

Эмгектүү, суу боюнда турган Күлүш!
Эмгектеп чоңойгондон, кылган жумуш.
Чор таман, кычы колдуу, сени бүгүн,
Сыртынан айландыра көмөөр күмүш - деген үнү созолонот.

Көрсө, Күлүш далайдан бери байдын үйүндө кызмат кылган күң, малай, чор таман, кычы колдуу бактысыз кыздардын бири экен. Ошон үчүн өзүнүн малайлык милдетин аткаруу үчүн эрки жок күң кыз таң атпай сууга келген. Демек, аңгеменин баш жагында эле көк шибери жайкалган сулуу жаратылыш менен Күлүш кыздын оор абалы өз ара контраст түзүп турат. Күлүш эки жагын караса, жанагы ырды ырдаган адам көрүнбөйт. Күлүш кулагына угулган ырдан кандайдыр бир жакшылыктын жышаанын сезет. Чөптөр да жышаанды сезгендей, Күлүшкө «жүгүнгөндөй ыргалып турду». Күлүш созолонгон үнгө жооп кылып, төмөндөгүчө ырдап жиберди:

Артыкча күлүңдөдү бүгүнкү күн.
Баарыдан да, ай Күлүш деп, чакырган ким?
Жыргалбы, мага келген жарык багы?!..
Жуп-жумшак, бойду эритип сызылган үн!

Күлүштүн кулагына жанагы үн акырын көтөрүлүп келип, дагы мындайча жаңырат:

Күн болуп, туулгандан жетим туткун!
Убайын көрмөкчүсүң кычы буттун
Акыңды тийгиз дагы семиз байдан.
Бар да тиги, мектептен, билим жуткун!..

Бул саптардан кийин окуянын андан аркы жүрүшүн автор мындайча сүрөттөйт: «Толкундаган «үн» кыз-келиндер каккан темир комуздун үнүнө окшоп жаш Күлүштүн алды эмнеден себеп болуп караңгыланган көңүлү ачылы түштү. Ысык күндө муздак суу жуткандай сергий:

- Атаганат дагы угулса!

Таттуу үнгө куса болуп эки жагын каранып турганда; кызыл жоолукчан кыз, келбети Күлүшкө таштала туурадан чыга келди.

- Мен бооруң... Чочуба! – кыз жакын басып келди.
- Ичиндеги түйдөктөлгөн муңуңа ортоктошмун...

Күлүштүн кайгы дарт каптаган жүрөгү туйлап, жашка жуулган көздөрү, келген кыздан өтүп баратат.

- Коркпо, чуркаба, мен бооруңмун.. Жаш кыздын сылык мүнөзү Күлүш жакка атылат.

Келген кыздын кийген кийими, чоочун, сүзө караган көзү убайымдуу сезилди. Кара кокочо боз көйнөктүн тытылган этегин бүйүрө кармай:

- Эжеке, менин азаптын шамалына тоңгон жүрөгүмдү жибиттиңиз... Тоту куштай кооз, булбулдай таңшыган сиз, кимсиз? - деди Күлүш.
- Мен жаңы замандын эркесимин... Эркине жетпеген жетим күндөрдүн эркесимин...
- Атыңыз ким?
-Күлкан.»

Бир-бирин таанытбаган эки чоочун кыздын ортосунда ушундай диалог жүрөт. Жакшылап баам салбаган окурманга кызыл жоолукчан чоочун кыз – Күлкан реалдуу адамдай көрүнөт. Бирок терең карай келгенде, ал реалдуу адам эмес. Күлкан – уруяттын, Октябрь революциясынын элеси сыяктанат. Чын-чынында, Күлүш кыялындагы адам менен, мындайча айтканда, революция эркиндикке чыгарган кыздын элеси менен сүйлөшүп жатат. Күлүш революциянын эзилип, кор болгон далай кыздарды эркиндикке чыгарганын, өзүнө окшогон күңдөргө карата кол сунгандыгын айланада болуп жаткандардан улам билет. Күлкан – Күлүштүн кыялындагы революция куткарган кыздын элеси. Демек, Күлүш өзү менен өзү сүйлөшүп жатат. Жогорудагы ыр саптары жана Күлкан менен болгон сүйлөшүү Күлүштүн өзүнүн кайгылуу тагдыры, оор социалдык абалы, өзүнүн келечеги, алдыга таштай турган жаңы кадамы жөнүндөгү ичтен жекече толгонуулары жана санаркоолору болуп эсептелет. Мунун өзү революциянын таасири астында катардагы жөнөкөй күң, малай кызда кулчулуктан башын куткаруу, өзүнө өзү кожоюн болуу, жаңы заман менен үндөш кадамга баруу жөнүндөгү ойдун «чукураныш» ойгонгондугун, бир сөз менен айтканда, Күлүштө жеке инсандык сезимдин (чувство личности) «бүчүр жаргандыгын» күбөлөп турат.

Күлүштүн:

Жетимдиктен, чеге – байга күн болуп,
Келе жатам ачык күн да түн болуп.
Мени көрүп, көтөрмөлөр эч ким жок,
Кайрат айтчы, бактысыз маа, күн болуп.
Ээн талаада тилек тилеп, кудайдан,
Эрте кетип, кеч келемин куурайдан.
Же тилекти орундабай кудайым,
Ээсим ооп, эндиреймин убайдан.

Бул диалогдор эки кишинин сүйлөшкөнүн элестеткени менен, чындыгында, дагы айталы, Күлүштүн өз кыялындагы Күлкан менен сүйлөшүүсү, тагыраак айтканда, күң кыздын ички монологу болуп эсептелет. Бул ички монолог каармандын жан дүйнөсүндө жана аң-сезиминде жүргөн ички бушаймандарды чагылтып тургандыгы менен маанилүү.

Чыгарманын эң соңундагы «Ичинде суусу мелтиреп, байдын чакалары жээкте кала берди...» деген сүйлөм да таасирдүү чыккан. Байдын үйүнө алынып барылбай, жээкте кала берген чакалар Күлүштүн өзүнүн кулчулук абалы менен биротоло коштошуп, кайра кайткыс болуп кеткенин айкын элестетип берет.

Кыскасы, Ташым Байжиевдин «Суу боюнда» аңгемесинде 20-жылдардагы аялдар азаттыгы темасын түз сызыктуу саясий чакырыктарсыз жана көнүмүш дидактикасы жок эле, адабияттагы көркөм шарттуулук ыкмасын колдонуп, болгону эки жарым бетте гана, образдуу, кыска жана нуска чагылдырып берген. «Суу боюнданы» 30-жылдардын башындагы мыкты аңгемелердин бири деп эсептөөгө болот.

Т.Байжиевдин «Кытмыр өлдү» повести 1932-жылы «Чабуул» журналынын №1 - 2-сандарына жарыяланган. Повесть көлөмү жагынан чакан, а түгүл абдан эле кыска. Муну повесть дебей эле көлөмдүү аңгеме десе деле туура болор эле. Сюжети деле жөнөкөй. Повесттегидей сюжет бутактанып, тарамдалып кетпейт. Негизинен үч-төрт адамдын тегерегинде болгон кыска окуялар гана сүрөттөлөт.

Чыгарманын сюжеттик окуялары коллективдик чарбаны түзүү үчүн болгон күрөштүн чордонунан сузулуп алынган. Сюжетти куруу БАЙ-КЕДЕЙ деген ошол кез үчүн мүнөздүү таптык принципке негизделген. Чыгарманын конфликтисин бир жагында кедей тобунун башчысы активист Чынтемирдин, экинчи тарабында Байгазы, Уларбек сыяктуу бай-манап өкүлдөрү жана алардын колдоочуларынын ортосундагы карама-каршылык, ачык-жабык таймаштар түзөт. Бирок белгилей турган нерсе, «Кытмыр өлдүдө» түз сызыктуу, схемалуу, плакаттык мүнөздөгү публицистикалык сүрөттөөлөр анча байкалбайт. Автор жаш болсо да, көркөм боектор, образдуу сүрөттөр менен иштөөгө аракет кылат. «Суу боюнда» аңгемесинде байкалган Т.Байжиевдин художниктик жөндөмү бул чыгармасында дагы байкалып турат.

Ошондой эле, Т.Байжиев чыгармасында каармандын портретин анын жүрүм-туруму, кийген кийими, колдонгон буюмдары, өзүн алып жүрүү манерасы аркылуу көз алдыга элестетип берүүгө аракеттенет. Мисалы, чыгармадагы уполдомочун Маймаковдун портретин карап көрөлү:

«Ашуу ашып, таш басып кийинки келген уполдомочун Маймаковду, жиниккен кара керден алпештеп түшүргөндөн кийин, ысык куурма чай ууртатты «сыр билги» катчы. Айылдагы келин-кесек куургуч-туткучка шылтоолоп кирип, жабыктан да шыкаалап, күбүр-шыбыр болуп жатышат. Маймаков кызуу кандуу кырс кыял, 28 жашты кемирген жигит. Ишке илешкенден бери ушинтип туш-туштан шыкалатууга кыныккан. Ал муну маңдайга бүткөн бак, колго тийген түгөнгүс деп айта аябай кубанат. Калаага барганда бул окуяларды ири-ири укмуштардан кылып ак жака жолдошторуна айтып берет. Талаага чыгарда чий баркыт шым, суусар тебетей кийип, жорго басык чоң жал тору менен келет. Анын дагы бир бөтөнчөлүгү марксизм-ленинизмсиз оозунан эч бир сөз чыкпайт. Чөнтөгүндө сыялуу мүйүз карындаш, кооз дептерлер. Колундагы күмүш жазылуу таяк, колтугундагы китеп, кой текейдей мурутуна көзү түшкөн бирөө, республикадагы мыкты ишке же билимдүүлөрдүн биридир деген кыялда калат».

Кээде Т.Байжиев каармандын ким экендигин өзүнүн автордук сөзү менен эмес, анын иштеген ишин, жасаган жоругун сүрөттөө аркылуу ачууга далалаттанат. Мисалы, чыгарманын дагы бир каарманы, Байгазы манаптын таламдашы Урубекти алалы. Урубек айылдагы Анар аттуу кыздын колун сурайт. Анар «Урубек убара болбосун» деген жоопту берет. Кыздын мындай жообуна Урубектин кандай реакция жасагандыгын Т.Байжиев төмөнкү окуя аркылуу берген:

«Күндөрдүн биринде Анар аркан курчанып отун алып жатты. Мына карагай арасынан табышсыз суук алакан көздү басты. Дагы бирөөлөр үндү бууду. Анар эриксиз жыгылды...

Ай мүнөт катарында өтүп, күн суу окшоп агылгандай агып жатат. Ал кирпик какпай ичин ушалап таңды аттырат. Ырас элеошол митаамдан бир балаанын жолукканыбы?! Балким, шишиктир. Оорудур...» деп өзүнөн өзү күбүрөйт. Бирөө кулагына: көрчү, дагы сыйпачы дегенсийт. Сыйпайт. Колуна алда немине урунат. Атанын түрүндөгү беш көкүл кыз. Этегин жапкандан эстүү бол! Эби жок күлбө! – деп кулагына куюп келди эне.

Ошондуктан ишин чынын айтууга эстүү кыз ниет чаппастан эненин төшүнө маңдайын коюп, шолоктоп жиберет...

Бул кайгылуу окуянын «автору» - Урубек. Т.Байжиев бул кылыгы үчүн Урубекти ар кандай булганыч сөздөр, ар түркүн терс эпитеттер менен мүнөздөсө болмок. Бирок калемгер бул жерде болуп өткөн окуяны окурмандын көз алдына тартуу менен гана чектелген. Анткен менен эч кандай күнөөсү жок аруу кыз Анардын тарткан өйдөкүдөй руханий-психологиялык азап-тозогу, анын туш болгон трагедиясы Урубектин ким экендигин бизге ачык-айкын айгинелеп койду.

20 - 30-жылдардагы чыгармалардын тематикасына салыштырып караганда, «Кытмыр өлдүнүн» темасында анча жаңылык жок болсо да, ошо кездин таптык карама-каршылыгын, колхоз үчүн болгон күрөштү автор журналист-публицист катары эмес, көбүрөөк художник катары көрсөткөндүгүн белгилөө керек. «Кытмыр өлдү» чыгармасынын башталышындагы каарман Маймаковдун боз үйгө келип түшүп, куурма чай ичкенден кийинки абалын «Анын бороон соккон денесине ысык кан жүгүрүп, сөөк-сагын үкүнүн жүнүндөй жумшартып жиберди. Боз үйүнүн ичи жаз күнүндөй сүйкүм-дүүлөнө салкын жел жылып, жаш баланын тилине окшоп, жолоочунун муздак бетин акырын аймап өттү» деп сүрөттөгөн Т.Байжиевден кантип художникти көрбөй коюуга болот.

Т.Байжиевдин «Күрөш» аттуу көлөмдүү очерки («Чабуул» журналы, 1931-жыл, №1) автордун 1930 - 1931-жылдары алыскы Алай аймагында агартуу тармагында иштеп жүргөн мезгилинде жазылган. Очеркте Алай жергесиндеги мамлекетке эгин төгүү компаниясына байланышкан окуялар чагылдырылган. «Эми, табиятка эркелеп жаткан үнсүз тоолордун этек жеңинде «беш жылдыктын» аракети кайнап жатат. Эртеден кечке кыр-кырдан сумбал жүктөлгөн эшектер райондун борборундагы «эгин төгүү эпкиндүү бүтсүн!» деген жазуусу бар кызыл желекти көздөй агылып келет». Келтирилген бул үзүндү очерктин баш жагында эле эгин төгүү компаниясынын кызуу атмосферасынан кабар берет жана автордун калем шилтеп жатканда көркөм баян жаратууга көбүрөөк умтулары дароо сезилет. Көркөм баян демекчи, Т.Байжиев очеркинин башында башкы каарман Султандын төшөктөн турушун төмөнкүчө жазат: **«Эски там үйдүн кичине терезесинен, жыгач керебеттин аягына таң шооласы тийери менен ойлонуп жаткан Султан ыргып турду».** Очерк жазып жаткандан кийин автор «Султан ыргып турду» деп деле кыска жазса болмок. Бирок Т.Байжиев окурманга эски тамды, анын кичине терезесин, ал терезеден түшкөн таң шооласынын жыгач керебеттин аягына тийгендигин да кошо көрсөтүп, өзүнүн табиятынын көркөм сүрөттөөгө ык тартып тургандыгын дагы айкындап өткөн. Кыскасы, «Күрөш» очеркин көркөм очерк деп атоого негиз бар. Бул очеркте Султан аттуу активист жигиттин райондук бийликтин тапшырмасы менен «К» селсоветине барып, эл арасында активдүү уюштуруучулук иштерди жүргүзүп, колхоз душмандарынын аракеттерине бөгөт коюп, мамлекетке эгин төгүү планынын 143% ке аткарылышына орчундуу салым кошкондугу бир кыйла ынанымдуу баяндалган. Очерктен 30-жылдардын башындагы түштүк регионунун элеттик аймагында өкүм сүргөн социалдык-тарыхый атмосфера, таптык карама-каршылыктар, колхоз үчүн болгон күрөштүн кызуу деми, адамдардын социалдык психологиясы кандайдыр бир даражада көрүнүп турат. Очерк түштүк жергесинин жашоочуларына мүнөздүү речтик жана этнонимдик өзгөчөлүктөрдү, ошондой эле географиялык-этнографиялык белгилерди бере билген колориттүүлүгү менен да айырмаланат.

Корутундулап айтканда, Т.Байжиевди жогорудагы талдоого алынган «Суу боюнда», «Кытмыр өлдү», «Күрөш» чыгармаларына эмне мүнөздүү? Саамалык, ийгилик катары автордун адабияттын образдык спецификасынан кабары бар экендигин, жазып жатканда кандайдыр бир публицистиканы эмес, эң оболу көркөм баян жаратууга умтулаарын, алынын жетишинче кубулушту, персонажды сүрөттөөнүн предметтүүлүгүнө, жандуулугуна жетишүүгө далалаттанып, көркөм боёктор менен көбүрөөк иштөөгө аракеттенерин өз мезгилинин актуалдуу темаларын камтыгандыгын чыгармаларында жалаңкат үгүт-насыяттарга, ураан-чакырыктарга ооп кетпегендигин эсептөөгө болот. Чыгармаларындагы ушундай дурус башталмаларын байкагандыктан улам Салижан Жигитов «Ташым Байжиев адеп калем тартып чыкканда келечектүү прозаик сапатында көрүнгөн. Саясат үчүн чындыкты бурмалабай, бирөөгө жагынуу үчүн жасалма түс менен боёктобой – болгонду болгондой жазат. Т.Байжиев ошол бойдон жазуучулук иш-аракетин улай берсе, шек жок, биздин белдүү кара сөзчүлөрүбүздүн бири болмок» (Жигитов С., Ташым Байжиев – белдүү кара сөзчү болмок. – Китепте: Ташым Байжиев, Бишкек, «Едеп» ,2003, 100-бет) деп туура жазган.

***Адабияттар***

1. Жигитов С. 20-жылдардагы кыргыз адабияты. -Ф., 1984.
2. Ташым Байжиев. –Б.: Учкун, 2003.
3. Байгазиев С. XX кылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы. –Б., 2002.
4. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы». – Ф., 1987.

***Шерубай Құрманбайұлы,***
*профессор (Шымкент)*

# НЕМАТ КЕЛІМБЕТОВ ЖӘНЕ ТІЛ ДАМУЫНДАҒЫ ТАРИХИ САБАҚТАСТЫҚ

Қазақ әдебиетінің көне тарихын, ежелгі мұраларын тереңнен зерттеп-зерделеген әдебиеттанушылар арасынан есімі ерекше аталатындардың бірі – белгілі ғалым Немат Келімбетов. Қазақ әдебиетінің үш мың жылдық әдеби жәдігерліктерін зерттеуге, оларды жинастыру мен жариялауға ғалым өзінің қырық жылға жуық уақытын арнады. Профессор Немат Келімбетов «Ежелгі дәуір әдебиеті» атты еңбегінде қазақ әдебиетінің, әр дәуірдегі ұлы бабаларымыздың соңында қалған рухани жәдігерліктерін ерінбей-жалықпай іздеп тауып, бір жүйеге түсіріп, сол мұралардың ғылыми-танымдық негізін айқындап, көркемдік құндылығын құнарлы тілмен баяндайды. Кез келген көне мұраны зерттеуші әдетте оның тіліне, лексикасына назар аудармай, шығарманың тілдік ерекшеліктерін көрсетпей тұра алмайды. Зерделі зерттеуші Н.Келімбетов те осы дәстүрді жалғастырады. Оның шығармашылығында бұл мәселе ерекше көрініс табады. Ол көне жәдігерліктерге әдеби, жалпы филологиялық талдаулар жасаумен қатар, ішінара терең тілдік талдауларға да барып отырады. Біз ғалымның еңбектеріндегі тіл мәселелері мен тілдік талдаулар,